# Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим берүү орто мектебинин

# 2021-2022-окуу жылындагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык иш планы

2021-2022-окуу жылы

Бекитемин

Директор Ж.М.Белекова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн директордун тарбия иштери боюнча орун басарынын жылдык иш планы.**

**Тарбия берүү**: ”Окуучуларды нравалык маданиятка, патриоттуулукка, кыргыз элинин каада-салттарын пайдаланып тарбия берүүгө жетишүү”.

**Тарбия иштеринин негизги багыттары**: 1. Адеп-ахлактык тарбия. 2. Жарандык тарбия. 3. Мекенчилдикке тарбиялоо. 4. Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо. 5. Көп маданияттуулукка тарбиялоо. 6. Эстетикалык тарбиялоо. 7. Эмгекке тарбиялоо. 8. Тарбиялоо процессинде педагогдун ролу. 9. Баланы, өспүрүмдү, кыз баланы, жаш адамды, жаштарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу.

**1.Адеп-ахлактык тарбиялоо**

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2020-2021 окуу жылына анализ.<br><br>Жаңы окуу жылына 2021-2022-окуу жылынын планын түзүү. | Сентябрь | Тарбия завучу | педсоветте | План | Жаңы окуу жылына план түзүлөт |
| 2 | Мектепте ”Билим күнүн” өткөрүү. | 1-сентябрь | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Салтанаттуу линейка | Сабактар башталат |
| 3 | Мектеп парламентин түзүү жана иш жүргүзүү.<br><br>17-сентябрь Баткен коогалаңын эскерүү. | Сентябрь | Тарбия завуч | Директор алдындагы кеңешмеде | Парламенттин чогулушу | План түзүлөт |
| 4 | Мектептеги окуучулардын тизмесин алуу. | Сентябрь | Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | Окуучулардын тизмеси | Тизмеси такталат |
| 5 | “Карылар күнү” акциясын | Октябрь | Тарбия завуч | Директор | Концерттик программа | Карыны сыйлоого |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | өткөрүү. Карыларга гүлдесте. Концерттик майрам. | | Класс жетекчилер | алдындагы кенешмеде | | тарбияланышат. |
| 6 | 5-октябрь мугалимдер күнүнө карата ”Таазим сага,мугалим”класстык сааттарды өткөрүү жана концерттик программа уюштуруу. | Октябрь | Тарбия завучу | Кеңешмеде | Концерттик программа | Мугалимдерди кадырлап,сыйлоого тарбияланышат. |
| 7 | Билим гана адамды эркин жана бийик кылат. | Февраль | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Кеңешмеде | Класс сааттар | Окуучулар билимдүү болууга умтулушат. |

**2. Жарандык тарбиялоо**

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Мен кыргыз атуулумун” класстык сааттарды өткөрүү. | Май | Класс жетекчилер<br>Тарбия завуч | Директор алдындагы кеңешмеде | План | Конституция жөнүндө маалымат алышат |
| 2 | 9-Май жениш майрамы<br>Концерттик программа | Май | Класс жетекчилер<br>Тарбия завуч | Директор алдындагы кенешмеде | План, программа | Жеңиш күнү эскерилет |
| 3 | Улуттар аралык биримдик класстык сааттарды өткөрүү | Апрель | Класс жетекчилер | Кеңешмеде | Класстык сааттар | Окуучулар улуттар аралык ынтымак жөнүндө маалымат алышат. |
| 4 | ”Кыргызстан менин Мекеним” тарбиялык сааттарды өткөрүү. | Январь | Класс жетекчилер | Кеңешмеде | Класстык сааттар | Мекен жөнүндө маалымат алышат даңкташат. |
| 5 | ”Мектеп рэкетине жол жок”деген темада ачык тарбиялык сабактарды өткөрүү. | Октябрь | Уюштуруучу Социалдык педагог | Кеңешмеде | Класстык сааттар | Рекетчилик жөнүндө маалымат алышат |

### 3. Мекенчилдикке тарбиялоо

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-журтум-ата мурасы,эне тил элдин биримдиги-кыргыз элинин баа жеткис байлыгы деген темада конкурс уюштуруу | Сентябрь, Октябрь | Тарбия завуч<br>Кыргыз тили мугалимдери | Өндүрүштүк кеңешмеде | Планы,программа | Ата Мекенди ыйык байлык экенин түшүнүшөт |
| 2 | Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүн эскерүү кечеси | Декабрь | Тарбия завучу<br>Тарых мугалими | Өндүрүштүк кеңешмеде | Сүрөттөр, дил баяндар<br>Тарыхый фактылар | Ч.Айтматов боюнча маалымат алышат. |
| 3 | Сапаттуу билим – мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн тиреги. | Январь | Кыргыз тили мугалимдери<br>Тарбия завучу | Өндүрүштүк кенешмеде | Дил баяндар | Окуучулардын ой жүгүртүүсү, сүйлөө речи өнүгөт, Ата Мекенин сүйүүгө тарбияланат |
| 4 | Ата Мекенди коргоо күнүнө карата Ооган, Баткен согушунун ветерандары менен жолугушуу өткөрүү | Февраль | Тарбия завучу | Директордун алдындагы кенешмеде | Программа, дубал газеталар | Мекенин сүйүүгө, коргоого тарбияланышат. |
| 5 | ”Ата-Мекенге болгон кусалык деген эмне”деген темада класстык сааттарды өткөрүү. | Февраль | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Директордун алдындагы кеңешмеде | Сүрөттөр, класстык саатлар | Мекенин сүйүүгө, коргоого тарбияланышат. |
| 6 | Ата-Мекенди коргоо күнүн өткөрүү. | Февраль | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Директордун алдындагы кеңешмеде | Концерттик программа<br>Дубал газеталар | Мекенин сүйүүгө, коргоого тарбияланышат. |
| 7 | Кыргыз мамлекетинин атрибуттары (герб, гимн, кыргыз туусу) күнүн белгилөө | Жыл ичинде | Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | Атрибуттар<br>Класстык сааттардын пландары | Атрибуттар жөнүндө кеңири түшүнүк алышат |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | 5-март “Ак калпак” күнү | Март | Тарбия завучу | | План | Баш кийимди, калпакты сыйлоону үйрөнүшөт. |

**4. Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо**

| № | Аткарылган иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ”Жаратылышты коргойлучу замандаш!”деген темада класстык сааттарды өткөрүү. | Жыл ичинде | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Өндүрүштүк бирикмеде | | Балдар эмгекке, жаратылышты сүйүүгө тарбияланышат |
| 2 | “Эколог” жаратылышты коргоо кружогун уюштуруу | Сентябрь | Биолог мугалими | Өндүрүштүк бирикмеде | Кружоктун планы | Окуучулар жаратылышты коргоого, сүйүүгө тарбияланышат |
| 3 | “Күз майрамы”өткөрүү. | Октябрь | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кенешмеде | Программа<br>Дубал газеталар | Жаратылышты сүйүуго тарбияланышат |
| 4 | Мектептин айланасын жашылдандыруу “Мектеп жашыл бакча” акциясы | Март<br>Апрель | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешме | Жашылдандыруу үчүн кочөттөр | Жаратылышты сүйүүгө тарбияланышат |
| 5 | ”Ысык-Көл кыргыз бермети”деген темада эссе жазуу жана сүрөт конкурсу. | Апрель. | Кыргыз тили мугалимдери | Кеңешмеде | Эссе | Ысык-Көл боюнча эссе жазышат. |

**5. Көп маданияттуулукка тарбиялоо**

| № | Аткарылган иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Спорттук мелдештерди өткөрүү кыздар жана балдар арасында. | Жыл ичинде | Тарбия завучу<br>Дене тарбия мугалимдери | Өндүрүштүк кеңешмеде | План | Жаңы пландарды түзүү |
| 2 | Орус тили, чет тили ,кыргыз тили сабактарынын декадасын | Жыл ичинде | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программасы | Балдардын билимин өркүндөтүү |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | уюштуруу жана катышуу. | | | | | |
| 3 | Жаңы жылдык “Балаты” майрамын уюштуруу жана өткөрүү. | Декабрь | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | “Балаты” майрамынын программасы<br>Дубал газеталар, балатыны коолдоо | |
| 4 | ”Менин өлкөм көп улуттуу өлкө”класстык сааттарды өткөрүү. | февраль | Тарбия завучу<br><br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Программасы | Таланттуу балдардын өнөрлөрүн өркүндөтүү |
| 5 | “Мектеп мырзасы” 9-11-класстар арасында конкурс уюштуруу жана өткөрүү. | Февраль | Дене тарбия мугалимдери<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кенешмеде | Программасы | Спортко кызыктыруу |
| 6 | Нооруз майрамы | Март | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | | Программа | |

**6. Эстетикалык тарбиялоо**

| № | Аткарылган иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ”Мектеп формасы” “Кечиккендер” рейддерин уюштуруу | Ар дайым | Тарбия завуч<br>Парламент мүчөлөрү | Өндүрүштүк кеңешмеде | Дубал газеталар | Жаңы окуу жылына палн түзүү |
| 2 | ”Акыл ордо” интеллектуалдык конкурсун өткөрүү | Жыл ичинде | Предметтик мугалимдер<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кенешмеде | Конкурстун программасы, тапшырмалар | Окуучулардын билими текшерилет |
| 3 | Волейбол,баскетбол,футбол ийримдерин уюштуруу. | Сентябрь<br>Ноябрь | Кыргыз тили мугалимдери<br>Тарбия завучу | Директор алдындагы кенешмеде | Жумалыктын программасы<br>Дубал газеталар | Кыргыз тилин барктай билүүнү. Тил элдин негизги атрибуту экендигин тушүнүшот |
| 4 | “Гүл майрамы” класс- | Жыл | Класс жетекчилер | Директор | Конкурстун | Класс |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | кабинеттерди жашылдандыруу Кабинеттердеги гүлдөр боюнча конкурс | ичинде | | алдындагы кеңешмеде | программасы, тапшырмалар | жашылдандырылат |
| 5 | Күндөлүктөр, окуу куралдар акциясы | Октябрь | Тарбия завучу | Директор алдындагы кенешмеде | Күндөлүктөр | Күндөлүктөрдүн, окуу куралдарынын абалы жакшырат |
| 6 | 8-март Аялдардын Эл аралык күнүнө арналган концерттик программа | Март | Тарбия завучу | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программа | Аялдарды сыйлоого үйрөнүшөт. |
| 7 | Энелер арасында “Эң ажарлуу апа”конкурсун уюштуруу жана өткөрүү. | Март | Тарбия завучу | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программа | Окуучулар эстетикалык тарбия алышат |

**7. Эмгекке тарбиялоо**

| № | Аткарылган иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Айлана чөйрөнү тазалайбыз” тазалык акциясын өткөрүү. | Жыл ичинде | Тарбия завучу Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | | Балдар тазалыкка, эмгекке тарбияланышат |
| 2 | “Карылар күнүнө” карата окуучулардан жардам (Рейддери) | октябрь | Тарбия завучу Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | Рейд баракчалары | Карыны сыйлоого тарбияланышат |
| 3 | Ийгиликтин алгачкы душманы жалкоолук. | Февраль, Март | Тарбия завучу, Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | | Айлана чөйрө тазаланат |
| 4 | Парламент мүчөлөрүнүн иштери | Жыл | Тарбия завучу | | Протоколдор | Жаңы окуу жылына |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ичинде | | | | план түзүү |

**8. Тарбиялоо процессинде педагогдун ролу**

| № | Аткарылган иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | "Мугалим мөмөлүү дарак" мугалимдер күнүнө арналган концерттик программа | Октябрь | Тарбия завуч | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программа, дубал газеталар | Мугалимдик кесипти урматтоого үйрөнүшөт |
| 2 | Жолдо жүрүү эрежелери боюнча түшүнүк берүү, класстык сааттар өткөрүү. | Ноябрь | Тарбия завуч Соц педагогдор класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | План, программа | Жолдо жүрүүнүн эрежелерин үйрөнүшөт |
| 3 | Тематикалык тарбиялык сааттар | Жыл ичинде | Класс жетекчилер | Директор алдындагы кенешмеде | План | Окуучулар ар тараптуу тарбия алышат |
| 4 | Өрт коопсуздугун алдын алуу класстык сааттарды өткөрүү. | Жыл ичинде | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | План | Окуучулар өрт коопсуздугу боюнча үйрөнүшөт. |

**9. Баланы, өспүрүмдү, кыз баланы, жаш адамды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу**

| № | Аткарылган иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер менен үч тараптуу келишимдерди түзүү | Сентябрь | Тарбия завучу, класс жетекчилер | Ата-энелер жыйналышында | Келишим | Ата-энелер менен келишим түзүлөт |
| 2 | "Мен келечекте энемин" кыздар кеңеши | Январь | Тарбия завучу Кыздар советинин төрайымы кыздар совети | жыйналыш | Программа токтом | Кыздарга тарбиялык кенеш берилет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Кыздар уюмун уюштуруу жана иш алып баруу | Сентябрь | Тарбия завучу класс жетекчилер кыздар кенешинин төрайымы | Өзүн-өзу башкаруу уюумунун кеңешинде каралат | План | |
| 4 | Кыздар арасында “Кыз адеби кымбат” тегерек столдорду уюштуруу жана өткөрүү. | Жыл ичинде | Тарбия завучу кыздар советинин төрайымы | Кыздар кенешинде каралат | Кыздар менен тарбия иштери өткөрүлөт | Кыздардын тартиби оңолот. |

Уюштуруучу__________Г.Б.Орозова

Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын айлык

планы

2021-2022-окуу жылы.

**БЕКИТЕМИН**

**Директору______________Ж.М.Белекова**

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин**

**2021-2022-окуу жылдын сентябрь айына карата түзүлгөн иш планы.**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Сентябрь айына иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>Өткөн айга анализ берүү.<br>Жаңы окуу жылына иш планын түзүү.<br>Мектнепте билим күнүн өткөрүү.<br>Нөөмөтчү мугалимдерди дайындоо.<br>Класстардын санитардык абалын көзөмөлдөө.<br>Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим минстирлиги №1522\1 10.09.2021-жылындагы буйрук жана нускама менен тааныштыруу. | 1.09-9.09. | Уюштуруучу. |
| 2 | Мектепте билим күнүн өткөрүү 1-11-класстар тарбиялык сааттарды өткөрүү.<br>18-сентябрь “Баткен коогалаңын эскерүү” күнүнө карата тарбиялык сааттардым өткөрүү.<br>Мектеп парламентин түзүү жана алар менен иш алып баруу. | 12.09-19.09. | Уюштуруучу.<br>Тарых, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери |
| 3 | Жолдо жүрүү эрежелери боюнча иш планын түзүү.“Жолдо жүрсөң абайла” деген темада тарбиялык сааттарды өткөрүү.<br>Окуучулардын тизмесин алуу жана тактоо.<br>Баткен коогалаңын өткөрүү кечесин уюштуруу жана тарбиялык сааттарды өткөрүү.<br>23-сентябрь кыргыз республикасынын мамлекеттик тил күнүнө иш планын түзүү жана иш алып баруу жана тарбиялык сааттарды өткөрүү. | 20.09-23.09. | Уюштуруучу.<br>Класс жетекчилер.<br>Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери. |
| 4 | Класс жетекчилердин тарбиялык журналдарын текшерүү.<br>Окуучулардын формаларын, окуу куралдарын көзөмөлдөө | 26.09-30.09. | Уюштуруучу. |

Уюштуруучу____________Г.О.Орозова

**БЕКИТЕМИН**

**Директору________________ Ж.М.Белекова**

## Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин

## 2021-2022-окуу жылдын октябрь айына карата түзүлгөн иш планы.

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Октябрь айына иш планын түзүү жана иш алып баруу. 1-октябрь Бүткүл дүйнөлүк карылар күнүнө иш планын түзүү жана тарбиялык сааттарды өткөрүү, концерттик программа уюштуруу. “Карысы бардын, ырысы бар” деген темаларда дил баян конкурсун өткөрүү (9-10-11-класстар). 5-октябрь мугалимдер күнүнө карата “Таазим сага мугалим” деген темаларда класстык сааттарды өткөрүү, концерттик программа уюштуруу. “Эгер мен мугалим болсом” деген тамада эссе жазуу конкурсу (9-10-11-класстар). | 30.09-7.19. | Уюштуруучу. Класс жетекчилер. |
| 2 | “Жолдо жүрөң абайла” деген теманын негизинде 1-4-класстар арасында тарбиялык ачык сааттарды өткөрүү. 1-4-класстын арасында сүрөт конкурстары уюштурулду. Мектеп парламентин түзүү жана иш планын иштеп чыгуу. | 10.10-14.10. | Уюштуруучу. Класс жетекчилер. |
| 3 | “Берекелүү алтын күз” майрамына карата иш планын түзүү жана иш алып баруу. Мектеп ичинде күз майрамына карата “Берекелүү алтын күз” деген темада конкурстарды өткөрүү. | 17.10-21.10. | Уюштуруучу. Класс жетекчилер. |
| 4 | Окуучулардын санитардык абалын формаларын, окуу куралдарын текшерүү. | 24.10-28.10. | Уюштуруучу. Парламент мүчөлөрү. |

Уюштуруучу________________Г.Б.Орозова

**БЕКИТЕМИН**

**Директору __________ Ж.М.Белекова**

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин**

**2021-2022-окуу жылдын ноябрь айына карата түзүлгөн иш планы.**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Ноябрь айына иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>7-8-ноябрь Тарых жана Ата Бабаларды эскерүү кечесин өткөрүү.<br>“Тарых жана биз” деген темада дил баяндарды жаздыруу.<br>“Сен тарыхыңды билесиңби?” аттуу сынак өткөрүү.<br>Кабинеттерди иретке келтирүү. | 1.09-9.09. | Уюштуруучу. Тарых, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери. |
| 2 | 5-6-класстарда “Жолдо жүрүү эрежелерин сактоо” боюнча тарбиялык сааттарды өткөрүү.<br>Мугалимдердин тарбиялык журналдарын текшерүү.<br>Кабинеттердин тазалыгын көзөмөлдөө. | 12.09-19.09. | Уюштуруучу. Класс жетекчилер. |
| 3 | Окуучулардын сабакка катышуусун, формаларын, тазалыгын текшерүү.<br>5-6-класстар боюнча класстык сааттарды өткөрүү.<br>“Тилим менин дилим” деген темада тарбиялык сааттарды өткөрүү. | 20.09-23.09. | Уюштуруучу. Класс жетекчилер. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери. |
| 4 | Класс жетекчилердин тарбиялык журналдарын текшерүү.<br>Окуучулардын формаларын, окуу куралдарын көзөмөлдөө | 26.09-30.09. | Уюштуруучу. Парламент мүчөлөрү. |

Уюштуруучу__________Г.Б.Орозова

БЕКИТЕМ

Мектеп директору __________ Ж.М.Белекова.

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы декабрь айына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Декабрь айынын иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД/ВИЧ күнүнө карата иш планын түзүү жана иш чара өткөрүү.(жөө жүрүшкө чыгуу)<br>3-декабрь мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга карата кайрымдуулук акциясын уюштуруу . | 1.12.-6.12. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 2 | Окуучулардын санитардык гигиеналык абалын.сабакка катышуусун текшерүү.<br>Чыңгыз Айтматовдун туулган эскерүү кечесин уюштуруу жана өткөрүү.<br>Ч.Айтматовдун өмүр жолу чыгармалары боюнча класстык сабактарды өткөрүү.<br>7-класстар арасында ”Кыймыл ден соолукту чыңалтат”деген темада спорттук мелдеш сынагын уюштуруу жана өткөрүү. | 7.12.-13.12. | Уюштуруучу<br>Кыргыз тили жана усулдук бирикме жетекчиси.<br>Дене тарбия мугалимдери |
| 3 | Жакшы окуп жүрүшүмэлиме кошкон үлүшүм деген темада класстык саат өткөрүү.<br>Белгилүү инсандардын тарыхый окуялардын юбилейлерине карата иш чара өткөрүү. | 14.12.-20.12. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 4 | Улуттар биримдиги улуу байлыгыбыз деген темада тарбиялык сабактарды өткөрүү.<br>Окуучулардын сабакка катышуусун текшерүү<br>“Тамеки өмүргө зыян” деген темада тарбиялык сабак өтүү.<br>Балаты майрамын өткөрүү | 21.12-30.12. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |

Уюштуруучу __________ Г.Б.Орозова.

**БЕКИТЕМ**
**Мектеп директору __________ Ж.М.Белекова**

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин**
**2021-2022-окуу жылындагы январь айына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын каникул ичинде эс алып кандай кызыктуу китептерди окуу жөнүндө ой пикир алуу. | 1.01-10.01. | Ата-энелердин көзөмөлүндө. |
| 2 | Окуучулардын сабакка катышуусун текшерүү.<br>Ата-энелерге окуучулардын тазалыкты сактап сабакка катышуусун көзөмөлдөө.<br>Жол эрежелерин сактоо,окуучуларды жол кырсыгынан сактоо боюнча окуучулар арасында иш алып баруу. | 11.01-17.01 | Уюштуруучу<br>Класс жетекчи |
| 3 | Толеранттуулук боюнча 9-10-11-класстар арасында диспут сабагын уюштуруу.<br>”Кыргызстан менин мекеним”деген темада тарбиялык сабактарды өткөрүү. | 17.01-21.01 | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 4 | 9-11-класстардын класстарына ”Сапаттуу билим мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн тиреги”<br>”Мен келечекте энемин”деген темада кыздар кеңешине тегерек стол уюштуруу жана өткөрүү. | 24.01-28.01. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |

**Уюштуруучу__________Г.Б.Орозова.**

БЕКИТЕМ
Мектеп директору ____________ Ж.М.Белекова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы февраль айына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Февраль айына карата иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>“Билим гана адамды бийик кылат”деген темада тарбиялык сабактарды өткөрүү. | 1.02.-7.02. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 2 | ”Ийгиликтин алгачкы душманы жалкоолук”деген темада тарбиялык сабактарды өткөрүү.<br>15-февраль Совет аскерлеринин Ооган жергесинен чыгарылган күнүнө карата тарбиялык сабактарды өткөрүү жана жолугушууларды уюштуруу.<br>“Ар кимибиз ар улуттан болсок да элибиздин эртеңи үчүн биргебиз”аттуу темада класстар арасында мелдеш сабагын уюштуруу. | 7.02.-14.02 | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 3 | Ата-Мекен коргоочулар күнүнө карата тарбиялык сабактарды өткөрүү.9-11-класстар арасында “Мектеп мырзасы”спорттук мелдештерди уюштуруу жана өткөрүү. | 14.02.-18.02. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 4 | Окуучулардын сабактарга катышуусуна мектеп формасына,тазалыгына парламент мүчөлөрү менен бргеликте текшерүү иштерин жүргүзүү | 18.02.-28.02. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |

Уюштуруучу____________Г.Б.Орозова.

БЕКИТЕМ
Мектеп директору ____________ Ж.М.Белекова

Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин
2021-2022-окуу жылындагы март айына карата түзүлгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Март айынын иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>3-март "Кыргыз мамлекетинин туу"күнүн белгилөө.<br>5-март "Ак калпак күнүн"белгилөө жана тарбиялык сабактарды уюштуруу.<br>8-март "Аялдардын эл аралык майрамына"карата иш планын түзүү жана иш алып баруу. | 1.03-7.03. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 2 | 9-10-11-класстар арасында "Мектеп периси" конкурсун уюштуруу жана өткөрүү.<br>1-4-класстардын "Эң ажарлуу апа"конкурсун уюштуруу жана өткөрүү. | 7.03.-14.03. | Уюштуруучу<br>Класс жетечилер |
| 3 | "Ийгиликтин алгачкы душманы жалкоолук"деген темада тарбиялык сабактарды өткөрүү.<br>Окуучулардын сабактарга катышуусуна,мектеп формасына,тазалыгына парламент мүчөлөрү менен көзөмөл жүргүзүү. | 14.03.-18.03. | Уюштуруучу<br>Парламент мүчөлөрү. |
| 4 | Мектепте Рэкетчиликтин алдын алуу максатында балдар жана кыздар арасында чогулуштарды өткөрүү.<br>"КелНоорузум"аттуу кече уюштуруу жана өткөрүү.<br>Кыздар арасында Воллейбол боюнча мелдеш уюштуруу. | 23.03-28.03 | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер<br>Дене тарбия мугалимдери. |

Уюштуруучу ____________ Г.Б.Орозова.

БЕКИТЕМ

Мектеп директору__________Ж.М.Белекова.

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы апрель айына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Апрель айына иш планын түзүү жана иш алып баруу. | 1.04-5.04. | Класс жетекчилер,Уюштуруучу |
| 2 | 7-апрель бүткүл дүйнөлүк ден соолк күнүнө карата тарбиялык сааттарды өткөрүү<br>Окуучулардын санитардык гигиеналык абалына көз салуу<br>12-апрель космонавтика күнүнө карата класстык сааттарды өткөрүү . | 5.04.-9.04 | Уюштуруучу ,Физика мугалими |
| 3 | Мугалимдердин класстык сааттарына көзөмөл жүргүзүү .<br>Окуучулардын тазалыгына жана формасын текшерүү | 12.04.-16.04. | Уюштуруучу<br>Парламент |
| 4 | Китеп күнүнө карата иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>Ден-соолук өмүр булагы деген темада класстык сааттарды өткөрүү.<br>Мектептин айлана чөйрөсүн тазалоо. | 19..04-29.04. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |

Уюштуруучу__________Г.Б.Орозова.

**БЕКИТЕМ**

**Мектеп директору ____________ Ж.М.Белекова**

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы май айына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Май айына карата иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>"Мен кыргыздын атуулумун"деген темада класстык сааттарды өткөрүү.<br>5-май конституция күнүн белгилөө жана өткөрүү. | 3.05-7.05 | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 2 | 9-май жеңиш майрамын өткөрүү.<br>5-11-класстар арасында 9-май Улуу Жеңиш күнүнө карата көркөм окуу сынагын уюштуруу жана өткөрүү.<br>"Ата-Мекенге болгон кусалык деген эмне?"темада тарбиялык сабактарды өткөрүү. | 7.05-14.05. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 3 | Өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча "Өрт тилсиз жоо"деген темада тарбиялык сабактарды өткөрүү.<br>Жолдо жүрүү эрежелери боюнча тарбиялык сабактарды өткөрүү. | 17.05-21.05. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 4 | Ата-журтум –ата мурасы,эне тил элдин биримдиги кыргыз элинин баа жеткис байлыгы деген темада конкурс уюштуруу жана өткөрүү. | 24.05-30.05 | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |

Уюштуруучу ____________ Г.Б.Орозова.

**БЕКИТЕМ**
**Мектеп директору_____________Ж.М.Белекова**

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы июнь айына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Июнь айына карата иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата тарбиялык сабактарды өткөрүү.Шаардык майрамга окуучуларды алып баруу.<br>Акыркы коңгуроо майрамын даярдык көрүү. | 1.06-7.06. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 2 | 9-июнь "Акыркы коңгуроо"майрамын өткөрүү жана уюштуруу.<br>Мугалимдердин жылдык отчетун алуу жана текшерүү. | 9.06. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 3 | Жол эрежелерин колдонуу,окуучуларды жол кырсыгынан сактоо боюнча окуучулар арасында иш алып баруу. | 14.06 | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 4 | Окуучулардын аттестат тапшыруу аземине даярдануу | 23.06 | Уюштуруучу |

Уюштуруучу_____________Г.Б.Орозова.

# Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим берүү орто мектебинин

# 2021-2022-окуу жылындагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык отчету

2021-2022-окуу жылы

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто метебинин 2021-2022- окуу жылындагы окуу тарбия боюнча директордун орун басарынын аткарган иштеринин жылдык отчету**

**Сентябрь**

**15.09.21-ж.**Мектепте 15-сентябрь билим күнүнө арналган салтанаттуу линейка болуп өттү.2021-2022-окуу жылындагы алгачкы коңгуроо кагылды. Мектеп босогосун аттаган 1-класстын жана жалпы окуучуларды ошону менен бирге эле мугалимдерди жаңы окуу жылынын башталышы менен мектеп директору жана Майлуу-Суу шаарынын социалдык маселелер боюнча вице мэри Мансурова Чынара Сыдыковна жана билим берүү бөлүмүнүн башкы эсепчиси Абдуллаева Гуасал Жаанбаевналар куттукташты. 11-класстын окуучулары тарабынан мектеп жана мугалимдерге арналган ырлар ырдалды.5-6-класстын окуучулары бийлерин тартуулашты.Мектеп босогосун аттаган 1-класстын окуучулары да мектеп жөнүндө ырларын айтышты.11-класстын  окуучулары тарабынан 1-класстарга арналган чакан белектерин жана билим ачкычын тапшырышты.

1-4-класстар үчүн берилген "Ата-Журтум-Асыл мекеним", 5-8-класстар үчүн "Түбөлүккө желбирей бер эгемендик желегим" 9-10-11-класстар үчүн "Мекенибиз Кыргызстан эгемендүүлүк жолунда" аттуу темаларда тарбиялык сааттарды өткөрүштү. Башталгыч классынын мугалими Абазова Токтобү Сапарбековна, тарых мугалими Кадырбекова Сапаргүл Абдыманаповна кыргыз тили мугалими Кыргызбаева Кенжегүл Камбаровна аты аталгани эжекелер тарбиялык ачык сааттарды өткөрүштү. Өтүлгөн тарбиялык сааттар видео тартылып шаардык билим берүү бөлүмүнө жиберилди.

18.09.21-ж.Баткен согушунда курман болгондорду эскерүү күнүнө карата тарбиялык сааттар өтүлдү.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Жунусали кызы Айгүл "Баткен коогалаңына 22 жыл" аттуу темада тарбиялык ачык саат өттү.

23.09.21-ж.23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата иш пландар түзүлдү, анын негизинде иштер алынып барылды.Кыргыз тили усулдук бирикмесинин "Кыргыз тили кылымдарды баскан тил" аттуу темада кече өткөрүштү.8-9-10-11-класстар арасында дил баян сынагы жарыяланып, кыргыз тили мугалимдери тарабынан 1-2-3-орунду ээлеген окуучулар грамоталар менен сыйланышты.Кыргыз тили жана адабияты мугалими

Жунусали кызы Айгүл "Кыргыз тили биздин дилибиз" аттуу темада тарбиялык ачык саат өттү.

**Октябрь**

**1.10.21-ж.**1-октябрь карылар күнүнө карата тарбиялык сааттар өтүлдү. Мектепте көп жылдан бери эмгектенген улуу мугалимдерди мектеп парламенти окуучулардын атынан акчалай куттукташты.Башталгыч классынын мугалими Абазова Токтобү Сапарбековна "Карылар-төрдүн көркү" аттуу темада 4-а класстын окуучуларынын чоң ата, чоң энелерине концерттик программа жана ысык тамак уюштурулуп, ата-эне менен мектептин ортосундагы байланышты бекемдөө максатында концерттик программа көрсөтүлдү жана ата-энелер тарабынан мугалимдерге жана класс жетекчисине ыраазычылыктар айтылды.

**5.10.21-ж.**5-октябрь мугалимдер күнүнө карата окуучулар тарабынан "Таазим сага, мугалим" концерттик программа көрсөтүлдү. Программада ар кандай ырлар, бийлер, оюндар көрсөтүлдү.

**11.10.21-ж.**Мектепте парламент мүчөлөрү менен биргеликте окуучулардын формасына, тазалыгына көзөмөл жүргүзүлдү.

**13.10.21-ж.**Мектепте "Ден соолугу чың адам өнүккөн өлкө" программасы боюнча "Тамеки тартуу өмүргө зыян" деген темада 8-11-класстарга класстык сааттар өтүлдү.

**14.10.21-ж.** Мектепте жолдоо жүрүү боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, тарбиялык сааттар өткөрүлдү.Башталгыч классынын мугалими Абдыгапарова Айкөкүл Абдыкапаровна "Жолдо жүрсөң абайла" деген темада тарбиялык саат өтүү. Мектеп парламенти менен биргеликте ар жума сайын мектеп окуучулардын окуу китептеринин сакталышы, класстардын жана окуучулардын санитардык-гигиеналык абалы текшерилип турат.

**22.10.21-ж.**Өспүрүмдөрдүн ден соолугун бекемдөө, коргоо жана билимин, маданий деңгээлде өстүрүп, АИВ инфекциянын алдын алуу, наркозаттарды колдонууга жол бербөө максатында класстык сааттар өтүлдү. 1-4-класстарга "Самын менен дос бол", 5-8-класстарга "Ден соолук өмүр булагы", 9-11-класстарга "Токсикомания, наркомания, алкоголдук ичимдиктерди ичүү келечекке балта чабуу" деген темада класстык сааттар өтүлдү.

**Ноябрь**

**1.11.21-ж.**7-8-ноябрь "Тарых жана Ата-бабаларды эскерүү" күнүнө карата иш пландар түзүлүп, иштер алынып барылды.7-8-ноябрь "Тарых жана Ата-бабаларды эскерүү күнүнө карата линейка өткөрүлдү.Тарых мугалими Кадырбекова Сапаргүл Абдыманаповна "Сен тарыхыңды билесиңби?"деген темада класстар арасында мелдеш сабагын өткөрдү.6-11-класстар арасында "Биз жана тарых" аттуу темада дил баян сынагы уюштурулуп, жеңүүчүлөр уюштуруучулар тарабынан сыйланышты.

Жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча 1-11-класстардын класс жетекчилери тарбиялык сааттарды өтүштү.

**12.11.21-ж.**5-6-класстарда "Жолдоо жүрүү эрежелерин сактоо" боюнча тарбиялык сааттарды өттү.

Мугалимдердин тарбиялык журналдарын текшерүү.Кабинеттердин тазалыгын көзөмөлдөө.

**20.11.21-ж.**Окуучулкардын сабакка катышуучун, формаларын, тазалыгын текшерүү.

5-6-класстар арасында "Тилим менин дилим" деген темада тарбиялык сааттарды өтүштү.

Класс жетекчилердин тарбиялык журналдарын текшерүү.

Окуучулардын формаларын, окуу куралдарын жана тазалыгын көзөмөлдөө.

# Декабрь

1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк  СПИД/ВИЧ күнүнө карата иш пландар түзүлүптарбиялык сабактар өткөрүлдү.Мектеп иштеген ме айымы Джаркинбаева Асель Бейшеновна уюштуруучулар менен биргеликте “Биз СПИДтен кантип коргонобуз”деген ураан астында семинарболуп өттү.Семинарга №4 ГСВдан мед айымдар келишип катышып,окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.9-в класстын класс жетекчиси Кыргызбаева Кенжегүл Камбаровна “СПИД XXI-кылым душманы”деген темада тарбиялык ачык саат өттү.6-б классынын класс жетекчиси Жунусали кызы Айгүл “1-декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнү?”деген темада тарбиялык сабак өттү.6-в классынын класс жетекчиси Кадырбекова Сапаргүл Абдыманаповна “СПИД деген эмне?”деген темада тарбиялык сабак өттү.

3-декабрь бүткүл дүйнөлүк майыптар күнүнө карата 1-11-класстар арасында тарбиялык сабактар өткөрүлдү.Майлуу –Суу шаарындагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга мектеп тарабынан акчалай жардамдар көрсөтүлдү.

Кыргыз элинин улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата иш пландар түзүлүп,тарбиялык сааттар өтүлдү.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Кенжеева Роза Саматовна ”Аалам алпы Чыңгыз Айтматов”аттуу темада кече өткөрдү.Кыргыз тили мугалими Жунусали кызы Айгул ”ЧыңгызАйтматов биздин жүрөгүбүздө”темада тарбиялык саат өттү.Кыргыз тили усулдук бирикмесинин жетекчилигинин астында Чыңгыз Айтматовду эскерүү кечесин өткөрүштү.5-11-класстар арасында дилбаян конкурсу жарыяланып.жеңүүчүлөр мектеп тарабынан сыйланышты.Башталгыч класстын мугалими Орозова Гулнара Батыркуловна “Жакшы окуп жүрүшүм,элиме кошкон үлүшүм”деген темада  тарбиялык сабак өттү.

Парламент мүчөлөрү менен биргеликте окуучулардын сабактарга катышуусу формасы тазалыгы текшерилди.9-11-класстарга “Тамеки өмүргө зыян”деген темада тегерек стол уюштурулуп,өткөрүлдү.

1-11-класстарга “Жолдо жүрүү эрежелери жана коопсуздуктар” жөнүндө тарбиялык сабактар өткөрүлдү.

1-11-класстарга “Балаты майрамы уюштурулуп,өткөрүлдү.Окуучулар каникулдарга тарашты.

## Январь

**12.01.22-ж.** Окуучулардын сабакка катышуусу текшерилип, ар күнү шаардык билим берүү бөлүмүнө жеткирилип турулду.Ошондой эле мугалимдерге мектепте алгоритмди сактоо буйруктары менен тааныштырылды. Ар бир этажга нөөмөтчү мугалимдер дайындалып, танапис учурунда тыныгууга көзөмөл жүргүзүп турушту.

**18.01.22-ж.** Окуучуларга COVID-19 илдетин алдын алуу боюнча жана "Омикрон" жөнүндө 8-9-10-11-класстарга жат жазуулар жазылып алынды.

9-10-11-класстар арасында "Толеранттуулук" боюнча класс жетекчилер тарбиялык сааттарды өткөрүштү.

9-а классытын класс жетекчиси Калмаматова Нуркан Алимбековна "Ынтымак болсо элиңде, ырыскы жайнаар төрүңдө" темада тарбиялык ачык саат өттү.

**21.01.22-ж.** "Адам сатуунун алдын алуу" боюнча уюштуруучулар жана соц.педагогдор биргеликте тегерек стол уюштурулду. 7-8-класстардын класс жетекчилери "Кыргызстан менин мекеним" деген тамада тарбиялык саат өтүштү.

**28.01.22-ж.**Мугалимдердин тарбиялык сааттардын өтүлүшү жөнүндө мектепте тарбиялык журналдарды көзөмөлдөө иштери жүргүзүлдү. Сабакты көп калтырган окуучулардын класс жетекчилери менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

9-11-класстардын класстарына "Сапаттуу билим мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн тиреги" деген темада тарбиялык сааттарды өттү. "Мен келечекте энемин" деген темада кыздар кеңешине тегерек стол өттү.

## Февраль

**14.02.22-ж.** Мектепте Совет бийлигинин Ооганстан жергесинин чыгарылганына карата 33 жыл болгондугун белгилеп, иш пландын негизинде иш чаралар алынып барылды.Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери биргеликте "Ооган айыкпас жарат" деген темада кече өткөрүштү.Кечеде Мекенге ыр, бийлер, сахналык көрүнүш көрсөтүлдү.Афганистан өлкөсүнө барып, согуштан кайтбай калган жоокер жөнүндө "Эненин ыйы" деген темада 10-11-класстардын окуучулары сахналык көрүнүш көрсөтүштү. "Ооган согушуна 33 жыл" деген темада дил баян сынагы жарыяланып, жеңүүчүлөр мектеп тарабынан грамоталар менен сыйланышты.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Жунусали кызы Айгүл "Ооган согушун эскерүү" деген темада тарбиялык саат өттү. Башталгыч классынын мугалими Абазова Токтобү Сапарбековна "Ооган согушу" деген темада тарбиялык саат өттү. Абдыгапарова Айкөкүл Абдыгапаровна "Ооган согушу жүрөгүмдүн жарасы" деген темада тарбиялык ачык саат өттү.

**17.02.22-ж.** Мектепте 21-февраль бүткүл дүйнөлүк тил күнүнө карата иш план түзүлдү, анын негизинде иштер алынып барылды. "21-февраль бүткүл дүйнөлүк эне тил" күнүнө карата кече өткөрүлдү.

**18.02.22-ж.** Тарых мугалимдери даярдаган класстар арасында "Мен Мекенимди кантип коргойм" аттуу конкурс өткөрүлдү. 23-февраль "Ата Мекеди коргоо" күнүнө карата сүрөт конкурсу уюштурулду.

**25.02.22-ж.** Класстардын жана окуучулардын санитардык-гигиеналык абалдары текшерилди.Кыздар арасында "Рекетчиликтин алдын алуу боюнча" чогулуш өткөрүлдү.

## Март

**1.03.22-ж.** 3-март Кыргыз Республикасынын Туусунун 30 жылына карата иш планын түзүлдү.Тарых мугалими Кадырбекова Сапаргүл Абдыманаповна "Кыргыз мамлекеттик тууга 30 жыл" деген темада тарбиялык саат өттү. Кыргыз тили жана адабияты мугалими Жунусали кызы Айгүл "Мамлекеттик туу күнү" деген темада тарбиялык саат өттү.Башталгыч классынын мугалими Абазова Токтобү Сапарбековна жана Абдыгапарова Айкөкүл Абдыгапарова тарбиялык сааттарды өтүштү.

**4.03.22-ж.**5-март Ак калпак күнүнө карата 6-б класстын класс жетекчиси Жунусали кызы Айгүл “Ак калпак кыргыз сыймыгы”, 5-а класстын класс жетекчиси Талас кызы Айдана “Улут жүзү ак калпак”, башталгыч классынын мугалими Абазова Токтобү Сапарбековна “Кыргыздын сыймыгы ак калпак” деген темаларда тарбиялык ачык сааттарды өтүштү.

**7.03.22-ж.**Мектепте 8-март аялдарын эл аралык күнүнө карата 9-10-11-класстар арасында “Мектеп периси” болуп өттү.Мектеп периси наамын 11-класстын окуучусу Кадырова Мираида татыктуу болду.1-орунга 11-б классынын окуучусу Маматназарова Алтынай, 2-орунга Маматназарова Жылдыз татыктуу болду.1-4-класстардын “Эң ажарлуу апа” конкурсу өткөрүлдү.Башталгыч класстын мугалими Эрматова Салтанат Токторалиевна 8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата тарбиялык ачык саат өттү. “Апам, апам жан апам” башталгыч классынын мугалими ачык саат өттү.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Жунусали кызы Айгүл “8-март энелердин майрамы” деген темада тарбиялык саат өттү.

**16.03.22-ж.**Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча окууучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча курамдар түзүлгөн. 1-11-класстар арасында “Ийгиликтин алгачкы душманы жалкоолук” деген темада класстык сааттарды өтүштү.Окуучулардын сабакка катышуусуна, формасына, тазалыгына, окуу куралдарын көзөмөлдөө.Мектепте Рекетчиликтин алдын алуу максатында балдар жана кыздар арасында чогулуштарды өттү.Кыздар арасында валейбол боюнча конкурс уюштурулду.

Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим берүү орто мектебинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиция тарабынан кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү, кыргыз жазба адабиятынын баштоочулардын бири, акын, драматург, мамлекеттик жана коомдук ишмер, биринчи кыргыз профессору Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата кыргыз тили жана адабияты мугалими Жунусали кызы Айгүл ачык тарбиялык саат өттү.

**21-март** Нооруз майрамына карата 5-6-класстар арасында кыздар жана балдар эки тарап болуп “Сармерден” конкурсу уюштурулуп, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Талас кызы Айдана жана Жунусали кызы Айгүл даярдашты.

## Апрель

**7.04.22-ж.** 7-апрель бүткүл дүйнөлүк ден соолук күнүнө карата тарбиялык сааттар өткөрүлдү.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Жунусали кызы Айгүл “7-апрель Революция күнү” деген темада тарбиялык саат өттү. 5-6-класстын класс жетекчилери “Биринчи байлык ден соолук” деген темада тарбиялык саат өттү.

12-апрель космонавтардын күнүнө карата тарбиялык сааттар өтүлдү.

**15.04.22-ж.** Мектеп парламенти менен биргеликте окуучулардын тазалыгын жана окуучулардын окуу куралдарынын сакталышы жөнүндө текшерүүлөр болду.

**19.04.22-ж.**Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата иш чара өткөрүлдү. 1-6-класстар арасында “Окуйбуз, жасайбыз, изилдейбиз” аттуу темада окуу керемет долбоору боюнча конкурс болуп өттү.1-2-класстар арасында “Мен жана менин дүйнөм”, 3-4-класстарга “Кыргызстан элинин маданияты”, 5-6-класстар арасында “Жер шаарынын биологиялык ар түрдүүлүгү” деген темада конкурс болуп өттү.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Жунусали кызы Айгүл “Китеп билим булагы” деген темада тарбиялык саат өттү.

1-8-класстардын класс жетекчилери “Өрт тилсиз жоо” деген темада класстык сааттарды өтүштү.

**29.04.22-ж.** “Мен кыргыздын атуулумун”, “Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамы” деген темада 9-10-класстар арасында дебат уюштурулду.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Анарбаева Айгүл Абдысеитовна 5-май конституция күнүнө карата ачык тарбиялык саат өттү.

**30.04.22-ж.**9-май Улуу Жеңиштин 77 жылдыгына карата мектепте концерттик кече уюштурулуп, кыргыз тили жана адабияты мугалими Жунусали кызы Айгүл 7-8-9-класстарды даярдап концерттик кече өткөрдү.

5-класстын класс жетекчиси Талас кызы Айдана “9-май Улуу Жеңиш күнү” деген темада тарбиялык саат өттү.

## Май

**3.05.22-ж.** "Мен кыргыздын атуулумун" деген темада класстык сааттарды өтүштү. 5-май конституция күнү белгиленди.

9-май жеңиш күнүнө карата 5-11-класстар арасында көркөм окуу конкурсу өткөрүлдү. "Ата Мекенге болгон кусалык деген эмне?" темада 1-11-класстардын класс жетекчилери тарбиялык сааттарды өтүштү.

**13.05.22-ж.**Мектепке келген окуучулардын сабакка катышуусу текшерилди.География мугалими Калмаматова Нуркан Алимбековна "Кыргыз тоолуу облусунун түзүү демилгесине 100 жыл" деген темада ачык тарбиялык саат өттү.

**19.05.22-ж.** "Таза болсон суудай бол" деген темада 1-класстын класс жетекчиси Хашимова Гулзат Абдыманаповна тарбиялык ачык саат өттү. 5-б класстын класс жетекчиси Акинбекова Махабат Абдысатаровна "Коргоол Досу уулу 140 жылына" карата тарбиялык ачык саат өттү.

**24.05.22-ж.**5-9-класстын класс жетекчилери "Ич келте" оорусунун алдын алуу боюнча класстык сааттар өтүлүп, жат жазуулар жазылып алынды. 1-4-класстын класс жетекчилери "Ич өткөк" оорусунун алдын алуу боюнча класстык сааттар өткөрүлдү.

"Ата журтум-ата мурасы", "Эне тил элдин биримдиги", "Кыргыз элинин баа жеткис байлыгы" деген темада конкурсу уюштурулду жана өткөрүлдү.

"Өрт коопсуздугунун алдын алуу" боюнча 1-11-класстар арасында тарбиялык сааттарды өтүштү.

**Июнь**

**1.06.22-ж.** Бүткүл дүйнөлүк балдарды коргоо күнүнө карата тарбиялык сааттар өтүлдү. Шаардык майрамга окуучулар алып барылды. Акыркы коңгуроо майрамына даярдыктарды көрүү.

**9.06.22-ж.**2021-2022-окуу жылынын аяктаганына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 18-майындагы №919/1 буйругу, шаардын мэриясынын 2022-жылдын 31-май №111/б буйругу, ШБББнын 2022-жылдын 20-майдагы №38 буйруктун негизинде "Акыркы коңгуроо" салтанаттуу иш чара өткөрүлдү. "Акыркы коңгуроо" салтанаттуу иш чарасын уюштурууда жана өткөрүүдө ата-энелерге мугалимдерге мыйзамсыз акча чогултуу боюнча тыюу салынды. Укук коргоо кызматкерлери менен бирдикте окуучулардын коопсуздугун сактоо боюнча класс жетекчилерге, ата-энелерге милдеттендирилди. Мектепте 9-июнь "Акыркы коңгуроо" салтанаттуу иш чара өткөрүлдү. 2021-2022-окуу жылын акяктап иш чара өткөрүү боюнча коноктор чакырылды. Майлуу-Суу шаарынын вице мэри Арапбаева Нурахмед Абдыганиевич, шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Акамбаева Райкан Жамалдиновна, Майлуу-Суу шаардык лампа заводунун экономисти Авазбек уулу Рахатбек, 2021-2022-окуу жылындагы милициянын капитаны Н.И.Султанов келип катышып, бүтүрүүчүлөргө куттуктоо сөздөрүн айтышты.Мектеп директору Белекова Жыпаркуль Мамасалиевна, окуу бөлүм башчысы Ысмайылова Орозгүл Кимсановна, көп жылдан бери эмгектенген мектептин эң алдыңкы ардагер мугалими Графова Анна Федеровна куттуктоо сөздөрүн айтышты. 1-класстар куттукташып ыр, бийлерин тартуулашты.Бүтүрүүчүлөр мектепте билим берген алтын уясына жана мугалимдерге алкыш, каалоо-тилектерин айтышты.

**27.06.22-ж.**Бүтүрүүчүлөргө жетилүү аттестаты тапшырылды.

Уюштуруучу__________Г.Б.Орозова